Кыргыз-Түрк «Манас» университети
менен
Кыргызстан элинин Ассамблеясынын
ортосундагы кызматташтык жөнүндө
МЕМОРАНДУМ

КЫРГЫЗСТАН ЭЛИНИН АССАМБЛЕЯСЫ
Ассамблея народа Кыргызстана | Assembly of the People of Kyrgyzstan

Бишкек шаары «25» ноябрь 2026-жыл

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана Кыргызстан элинин Ассамблеясы мындан ары биргелешип «Тараптар» деп аталып, илим, билим берүү, маданият, этностор аралык ынтымакты жана коомдук биримдикти чыңдоо, этностор аралык диалогду өнүктүрүү, тарыхый-маданий мурастарды сактоо жана жайылтуу, мамлекеттик тилди өнүктүрүү, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, тажрыйба алмашуу жана коомдук-гуманитардык демилгелерди колдоо багыттарында өз ара пайдалуу кызматташууну өнүктүрүү максатында төмөнкүлөр жөнүндө макулдашышты:

1. МЕМОРАНДУМДУН МАКСАТЫ

1.1. Ушул Меморандумдун негизги максаты — Ассамблея менен университеттин ортосундагы өз ара пайдалуу жана узак мөөнөттүү кызматташтыкты өнүктүрүү,
1.2. Тараптар студенттердин, жаш окумуштуулардын, окутуучулардын жана коомдук ишмерлердин илимий, билим берүү, маданий жана чыгармачылык демилгелерин колдоого, алардын потенциалын өнүктүрүүгө жана тажрыйба алмашуусуна көмөктөшөт,
1.3. Тараптар жаштар арасында этностор аралык ынтымакты, достукту, өз ара урматтоону, толеранттуулукту жана жарандык жоопкерчиликти калыптандырууга багытталган биргелешкен иш-чараларды жана долбоорлорду ишке ашырышат.

2. КЫЗМАТТАШТЫКТЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

Тараптар төмөнкү багыттар боюнча кызматташууга ниеттенишет:
2.1. этностор аралык ынтымакты, биримдикти жана коомдук туруктуулукту чыңдоо;
2.2. этностор аралык диалогду жана маданияттар аралык өз ара түшүнүшүүнү өнүктүрүү;
2.3. билим берүү, илим жана инновация жаатында биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу;
2.4. жаштардын билим алуусуна, коомдук активдүүлүгүнө жана лидерлик сапаттарынын өнүгүшүнө көмөктөшүү;
2.5. кыргыз элинин жана Кыргызстанда жашаган этностордун тарыхый-маданий мурастарын, каада-салттарын жана руханий баалуулуктарын сактоо жана жайылтуу;
2.6. мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана көп тилдүү билим берүү демилгелерине колдоо көрсөтүү;
2.7. илимий-практикалык конференцияларды, форумдарды, семинарларды, тегерек столдорду, маданий жана билим берүү иш-чараларын уюштуруу;
2.8. окутуучулар, студенттер, эксперттер жана коомдук ишмерлер арасында тажрыйба алмашууну камсыз кылуу;

2.9. тараптардын максаттарына жана милдеттерине ылайык башка өз ара кызыкчылык жараткан багыттар боюнча кызматташуу.

3. КЫЗМАТТАШТЫКТЫН ФОРМАЛАРЫ

3.1. Тараптар өз ара кызыкчылык жараткан маселелер боюнча маалымат, тажрыйба жана сунуштар менен алмашат.
3.2. Тараптар биргелешкен иш-чараларды, жолугушууларды, конференцияларды, семинарларды, форумдарды, маданий жана билим берүү программаларын уюштурууга жана өткөрүүгө көмөктөшөт.
3.3. Тараптар өздөрүнүн расмий маалыматтык ресурстары жана социалдык тармактары аркылуу биргелешкен иш-чараларды жана коомдук мааниге ээ демилгелерди чагылдырууга көмөктөшөт.
3.4. Кызматташтыктын конкреттүү долбоорлору жана иш-чаралары зарыл болгон учурда өзүнчө макулдашуулар, иш пландары же башка документтер менен аныкталышы мүмкүн.

4. ТАРАПТАРДЫН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕШҮҮСҮ

4.1. Тараптар ушул Меморандумдун алкагындагы кызматташтыкты тең укуктуулук, өз ара урматтоо, ишеним жана конструктивдүү өнөктөштүк принциптеринде ишке ашырышат.
4.2. Ар бир Тарап өзүнө тиешелүү иш-чараларды өзүнүн уюштуруучулук жана финансылык мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде жүзөгө ашырат.
4.3. Ушул Меморандум Тараптар үчүн түздөн-түз финансылык же мүлктүк милдеттенмелерди жаратпайт.
4.4. Кандайдыр бир биргелешкен долбоорду финансылык жактан камсыз кылуу зарыл болгон учурда, анын шарттары Тараптардын өзүнчө жазуу жүзүндөгү макулдашуусу менен аныкталат.

5. МААЛЫМАТТЫК ЖАНА МАДАНИЙ КЫЗМАТТАШТЫК

5.1. Тараптар коомдук мааниге ээ болгон маалыматтарды мыйзамдарга ылайык өз ара алмашууга көмөктөшөт.
5.2. Тараптар кыргыз элинин маданиятын, тарыхын жана салт-санаасын жайылтууга багытталган маалыматтык жана маданий долбоорлорду колдошот.
5.3. Тараптар биргелешкен иш-чаралар тууралуу маалыматтарды өздөрүнүн расмий маалымат каражаттарында жана социалдык тармактарында жарыялоого көмөктөшөт.

6. МЕМОРАНДУМДУН МӨӨНӨТҮ ЖАНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨР

6.1. Ушул Меморандум Тараптардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет жана 5 (беш) жыл жарактуу болуп эсептелет.
6.2. Тараптардын бири Меморандумду токтотуу ниети жөнүндө экинчи Тарапка кеминде 30 күн мурда жазуу жүзүндө билдирүү менен аны токтото алат.
6.3. Ушул Меморандумга өзгөртүүлөр жана толуктоолор Тараптардын өз ара жазуу жүзүндөгү макулдашуусу боюнча киргизилет.

7. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

7.1. Ушул Меморандум Тараптардын өз ара түшүнүшүүсүн жана кызматташуу ниетин билдирет.
7.2. Меморандумду ишке ашырууга байланыштуу келип чыккан маселелер Тараптардын сүйлөшүүлөрү жана консультациялары аркылуу чечилет.
7.3. Ушул Меморандум кыргыз жана түрк тилдеринде эки нускада түзүлүп, эки текст тең бирдей юридикалык мааниге ээ.
7.4. Меморандумга Тараптардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол коюшат.

ТАРАПТАРДЫН РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА КОЛДОРУ

КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ		КЫРГЫЗСТАН ЭЛИНИН АССАМБЛЕЯСЫ
Алмаз Ибраев	**Алпаслан Жейлан**	**Медер Рахман**
Биринчи проректор	Ректор	Төрага

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ İLE KIRGIZİSTAN HALKLARI ASAMBLESİ ARASINDA İŞ BİRLİĞİ MUTABAKAT ZAPTI

КЫРГЫЗСТАН ЭЛИНИН АССАМБЛЕЯСЫ
Ассамблея народа Кыргызстана | Assembly of the People of Kyrgyzstan

Bişkek ş. 25 Kasım 2026

Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi ile Kırgızistan Halkları Asamblesi (ileride birlikte Taraflar olarak anılacaklardır) bilim, eğitim, kültür, milletler arası uyum ve toplumsal birliğin güçlendirilmesi, etnik gruplar arası diyaloğun geliştirilmesi, tarihî ve kültürel mirasın korunması ve tanıtılması, devlet dilinin geliştirilmesi, bilimsel araştırma faaliyetlerinin yürütülmesi, deneyim paylaşımı ve toplumsal-beşerî girişimlerin desteklenmesi alanlarında karşılıklı yarara dayalı iş birliğinin geliştirilmesi amacıyla aşağıdaki hususlar üzerinde anlaşarak işbu Mutabakat Zaptı'nı akdetmişlerdir.

1. MUTABAKAT ZAPTININ AMACI

1.1. İşbu Mutabakat Zaptı'nın temel amacı, Asamble ile Üniversite arasında karşılıklı yarara dayalı ve uzun vadeli iş birliğinin geliştirilmesidir.
1.2. Taraflar; öğrencilerin, genç bilim insanlarının, öğretim elemanlarının ve kamu temsilcilerinin bilimsel, eğitimsel, kültürel ve yaratıcı girişimlerini destekler, potansiyellerini geliştirmelerine ve deneyim alışverişinde bulunmalarına katkı sağlar.
1.3. Taraflar, gençler arasında milletler arası uyumun, dostluğun, karşılıklı saygının, hoşgörünün ve vatandaşlık sorumluluğunun geliştirilmesine yönelik ortak etkinlikler ve projeler gerçekleştirirler.

2. İŞ BİRLİĞİNİN TEMEL ALANLARI

Taraflar aşağıdaki alanlarda iş birliği geliştirmeyi amaçlamaktadır:

2.1. Milletler arası uyumu, birliği ve toplumsal istikrarı güçlendirmek,
2.2. Etnik gruplar arası diyaloğu ve kültürlerarası karşılıklı anlayışı geliştirmek,
2.3. Eğitim, bilim ve inovasyon alanında ortak projeleri hayata geçirmek,
2.4. Gençlerin eğitimini, toplumsal faaliyetlere katılımını ve liderlik becerilerinin geliştirilmesini desteklemek,
2.5. Kırgız halkının ve Kırgızistan'da yaşayan etnik grupların tarihi ve kültürel mirasını, geleneklerini ve manevi değerlerini korumak ve tanıtmak,
2.6. Devlet dilinin geliştirilmesini ve çok dilli eğitim girişimlerini desteklemek,
2.7. Bilimsel ve uygulamalı konferanslar, forumlar, seminerler, yuvarlak masa toplantıları, kültürel ve eğitim odaklı etkinlikler düzenlemek,

2.8. Öğretim elamanları, öğrenciler, uzmanlar ve kamu temsilcileri arasında deneyim paylaşımını sağlamak,
2.9. Tarafların amaç ve hedeflerine uygun olarak diğer karşılıklı ilgi uyandıran alanlarda iş birliği yapmak.

3. İŞ BİRLİĞİ BİÇİMLERİ

3.1. Taraflar, karşılıklı ilgi uyandıran konularda bilgi, deneyim ve öneri paylaşımında bulunurlar.
3.2. Taraflar; ortak etkinliklerin, toplantıların, konferansların, seminerlerin, forumların, kültürel ve eğitim programlarının düzenlenmesine ve gerçekleştirilmesine katkıda bulunurlar.
3.3. Taraflar, kendi resmî bilgi kaynakları ve sosyal medya hesapları üzerinden ortak etkinliklerin ve toplumsal önem taşıyan girişimlerin duyurulmasına katkıda bulunurlar.
3.4. İş birliğine ilişkin somut projeler ve etkinlikler, gerekli görülmesi hâlinde ayrı anlaşmalar, çalışma planları veya diğer belgeler ile belirlenebilir.

4. TARAFLARIN KARŞILIKLI ETKİLEŞİMİ

4.1. Taraflar, işbu Mutabakat Zaptı kapsamındaki iş birliğini eşitlik, karşılıklı saygı, güven ve yapıcı ortaklık ilkeleri doğrultusunda yürütürler.
4.2. Her bir Taraf, kendi sorumluluğundaki faaliyetleri, kendi kurumsal ve mali imkânları çerçevesinde gerçekleştirir.
4.3. İşbu Mutabakat Zaptı, Taraflar açısından doğrudan herhangi bir mali veya ayni yükümlülük doğurmaz.
4.4. Herhangi bir ortak projenin finansmanının sağlanmasının gerekli olması hâlinde, buna ilişkin koşullar Taraflar arasında ayrı bir yazılı anlaşma ile belirlenir.

5. BİLGİSEL VE KÜLTÜREL İŞ BİRLİĞİ

5.1. Taraflar, toplumsal önem taşıyan bilgilerin mevzuata uygun olarak karşılıklı paylaşılmasına katkıda bulunurlar.
5.2. Taraflar, Kırgız halkının kültürünün, tarihinin ve geleneklerinin tanıtılmasına yönelik bilgi ve kültür projelerini desteklerler.
5.3. Taraflar, ortak etkinliklere ilişkin bilgileri kendi resmî bilgi kaynaklarında ve sosyal medya hesaplarında yayımlanmasına katkıda bulunurlar.

6. MUTABAKAT ZAPTI SÜRESİ VE DEĞİŞİKLİKLER

6.1. İşbu Mutabakat Zaptı, Tarafların yetkili temsilcileri tarafından imzalandığı tarihte yürürlüğe girer ve 5 (beş) yıl süreyle geçerlidir.
6.2. Taraflardan her biri, Mutabakat Zaptı'nı sona erdirme niyetini diğer Tarafa en az 30 gün önceden yazılı olarak bildirmek suretiyle Mutabakat Zaptı'nı sona erdirebilir.
6.3. İşbu Mutabakat Zaptı'nda yapılacak değişiklikler ve ilaveler, Tarafların karşılıklı yazılı mutabakatı ile gerçekleştirilir.

7. NİHAİ HÜKÜMLER

7.1. İşbu Mutabakat Zaptı, Tarafların karşılıklı anlayışını ve iş birliği yapma iradesini ortaya koymaktadır.
7.2. Mutabakat Zaptı'nın uygulanmasından kaynaklanan hususlar, Taraflar arasında gerçekleştirilecek görüşmeler ve istişareler yoluyla çözüme kavuşturulur.
7.3. İşbu Mutabakat Zaptı, Kırgızca ve Türkçe olarak aynı hukuki geçerliğe sahip iki nüsha halinde tanzim edilmiştir.
7.4. Mutabakat Zaptı, Tarafların yetkili temsilcileri tarafından imzalanır.

8. TARAFLARIN BİLGİLERİ VE İMZALARI

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ adına		KIRGIZİSTAN HALKLARI ASAMBLESİ adına
Prof. Dr. Almaz İBRAYEV	**Prof. Dr. Alpaslan CEYLAN**	**Meder RAHMAN**
Rektör Vekili	Rektör	Başkan